**«БЕКИТЕМИН»**

Ош мамлекеттик университетинин ректору,
филология илимдеринин доктору, профессор
Исаков К.А.______________________

**«____»____________ 2017-ж.**

**Умарбекова Анара Анарбаевна «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме – Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын**

**ПИКИРИ**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Акыркы мезгилде илимий изилдөөлөр** тарбия берүү маселесине багытталып, окуучулардын билим сапатын көтөрүүдөгү ата-эне менен мугалимдин бирдиктүү иштерине, айрыкча айыл мектептерине арналган изилдөөлөр жокко эсе. Андан калса, айыл жергесинде жашаган көптөгөн башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелери педагогдордун жардамына муктаж. Алар балдардын сапаттуу билим алуусун каалашат, ага өз салымдарын кошуу үчүн педагогикалык билимдеринин жетишсиздигин сезишет. Демек, айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу ишинде ата-энелердин өз балдарынын татыктуу билим алышына болгон жоопкерчилиги,ата-энелердин илимий-методикалык муктаждыгы менен алар үчүн атайын көрсөтмөлөрдүн иштелип чыкпагандыгы,окуучунун билим алуу боюнча жасаган аракеттерин жөнгө салуудагы мугалим менен ата-энелердин мамилелеринин ортосундагы б.а. мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү аракетин камсыз кылуучу

педагогикалык жоболордун жана методикалык көрсөтмөлөрдүн иштелип чыкпагандыгы айылдык башталгыч жалпы билим берүүчү уюмдун окуучуларынын билим сапатын жогорулатууга ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүү, ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү аракеттерин уюштуруу жана ага тийгизген таасирин изилдөө диссертациялык иштин темасы актуалдуу экендигин далилдеп турат.

Аталган иш өтө зарыл, учур талабына шайкеш, абдан олуттуу проблемага арналган.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негиздүүлүгү.** А.А. Умарбекованын диссертациялык ишинде берилген изилдөөнүн обьектиси, предмети, максаты, милдети, изилдөө методдору, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү негиздүү деп эсептөөгө болот.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу төмөндөгүлөр: а**йылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракеттерин бүтүн система катары каралган, аны ишке ашырууга комплекстүү мамиле жасоо окуучулардын билим сапатына оң таасирин тийгизери илимий жактан негизделген; ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жаңыланган мазмуну аныкталып жанаата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштуруунун жолдору иштелип чыгып, илимий-методикалык жактан негизделген; сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилген жана илимий негизде тастыкталган.

**4. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**. Изилдөөнүн жыйынтыгында алынган илимий жоболор жана илимий-методикалык сунуштар мектеп жетекчилери, башталгыч мектептин мугалимдери, айрыкча ата-энелер тарабынан колдонулат. Мындын сырткары

башталгыч мектептин мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайлардын окутуучулары, ошондой эле мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуучу уюмдар үчүн да баалуу.

Бул диссетациялык эмгектин практикалык баалуулугунун щексиздигин ырастайт.

5. **Изилдөө ишинин тууралыгы** эксперименттердин жыйынтыктары жана изилдөө иштеринин натыйжаларын жалпы билим берүүчү уюмдардагы (мектеп, гимназия, лицей) окуу процессинде колдонуунун ийгиликтүүлүгү менен аныкталат. Айылдык мектептин башталгыч класстарынын окуучуларынын билим алуу шарттарынын шаар мектептердикинен айрымаланган өзгөчөлүктөрүн тактоо, билимдин сапатына оң таасир берүүчү факторлорду илимий негизде талдоо, ата-энелердин педагогикалык билимдерин өркүндөтүү, ошондой эле ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттеринин уюштуруу жолдорун сунуштоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу далилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды.

Бул диссертациялык эмгектин максатына жеткендигин жана милдеттеринин аткарылгандыгын тастыктоо менен, алынган натыйжаларын кабыл алууну шарттайт. Ошону менен изилдөө иши өз максатына жетти, демек, бул диссертациялык изилдөө ишин аяктады деп эсептесек болот.

6. **Диссертациянын жана авторефераттын мазмуну** бири бирине дал келет жана анын көлөмү, түзүлүшү Кыргыз Республикасынын илимий даражаларды изденип алуу үчүн иштелип чыккан талаптарына жооп берет.

7. **Жарыкка чыгарылган илимий-методикалык макалалар** диссертациялык изилдөөнүн темасын, багыттарын чагылдырат.

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча 18 макала, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган макалалары жана методикалык колдонмосу жарык көргөн.

8. Изденүүчү А.А. Умарбекованын илимий изилдөөсүндө айрым **кемчиликтер** орун алган:

1. Диссертациялык иштин экинчи главасынын биринчи параграфы «Ата-энелердин педагогикалык билимдери жана аларды өркүндөтүүнүн жолдору” деп аталып, анда ата-энелердин педагогикалык билимдеринин мазмуну, математика, окуу жана жазуу боюнча баалуу сунуштар берилген (Диссертациялык иштин 81-96-беттери). Биздин оюбузча, ата-энелерге башталгыч класстын окуу программасындагы баардык предметтер боюнча педагогикалык билимдердин мазмуну ачылып берилсе жакшы болмок жана иштин натыйжалуулугу артмак.

2. Мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иш-аракеттеринин формалары изденүүчү тарабынан ата-энелер менен иштөөнүн иш пландарына киргизилип, мектеп практикасында ишке ашырылган. Иштин жүрүшүндө ата-энелер менен кызматташуунун традициялык формалары колдонулган.

.Ушул формалардын азыркы күндө таасирдүүлүгү канчалык деңгээлде иштин натыйжалуулугун арттыраары суроо туудурат.

3. Эксперименталдык ишти уюштурууда анкеталык суроолор абдан эле көп болуп калган. Диссертант башталгыч класстын жаш курак өзгөчөлүгүн эске алуу керек болчу.

Албетте, бул кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн баалуулугун төмөндөтпөйт жана ага жогорку баанын берилишине таасир этпейт.

Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын жыйынынын

**Ч Е Ч И М И:**

1. Умарбекова Анара Анарбаевна «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билимсапатын жогорулатуу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы көлөмү, мазмуну жана түзүлүшү жагынан ЖАКтын кандидаттык диссертацияга коюлган бардык талаптарына толук жооп берет.
2. Диссертациялык иштин автору Умарбекова Анара Анарбаевна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга татыктуу.

Пикир Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2017-жылдын 16-январынын жыйынында талкууланып №5 токтом менен бекитилди.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Б.Ш. Тажикова**

**Доцент Б.Ш. Тажикованын колун тастыктайм**
**Ош мамлекеттикуниверситетинин**
**окумуштуу катчысы, доцент** **М. Байсубанов**